Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин
2025-жылдын “____“ ________
№________ буйругуна тиркеме

# Кыргыз Республикасындагы менчигинин түрүнө карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарынын 5-6-класстарынын окуучуларына кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүү жөнүндө ЖОБО

I. Жалпы жоболор
II. Кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендеринин жумушчу органдарынын функциялары
III. Кыргыз тили боюнча көчүрүү экзаменинин катышуучулары. Көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн тартиби
IV. Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучулар үчүн көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн тартиби
V. Көчүрүү экзамендерин өткөрүү мөөнөттөрү
VI. Көчүрүү экзаменинин иштерин текшерүүнүн тартиби жана аларды баалоо
VII. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу
VIII. Көчүрүү экзамендерин каржылоо

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасында менчигинин түрүнө карабастан бардык түрдөгү жалпы билим берүү уюмдарынын (мындан ары - жалпы билим берүү уюмдары) 5-6-класстарынын окуучуларына кыргыз тили боюнча жазуу жана оозеки жүзүндөгү класстан класска көчүрүү экзаменин (мындан ары - көчүрүү экзамени) өткөрүү жөнүндө жобо (мындан ары – жобо) көчүрүү экзаменин өткөрүүнүн түрүн, катышуучуларын, мөөнөтүн жана узактыгын, экзамен иштерин текшерүүнүн жана аларды баалоонун тартибин, арыздарды (апелляцияларды) берүү жана карап чыгуу тартибин аныктайт.

2. Көчүрүү экзамендери ушул Жобо менен белгиленген академиялык жылдык жетишкендиктеринин негизинде жүзөгө ашырылат. Көчүрүү экзамени жазуу жана оозеки жүзүндө өткөрүлөт.

3. Көчүрүү экзаменинин максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик тил жана тил саясаты маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 18.01.2023-жылдагы № 864-VII токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын

Жогорку Кеңешинин 28.02.2024-жылдагы № 1909-VII токтомун ишке ашыруу;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү стандартынын жана кыргыз тилинин предметтик стандартынын талаптарына ылайык окуучулардын кыргыз тили боюнча окуу программаларын өздөштүрүүсүнүн натыйжаларын аныктоо;

- билим берүүнү башкаруу системасына өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн жалпы билим берүү уюмдарында мониторинг жана талдоо жүргүзүүнү ишке ашыруу.

## II. Кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендеринин жумушчу органдарынын функциялары

4. Көчүрүү экзамениnin жумушчу органдары болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – Министрлик), Кыргыз билим берүү академиясы, Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти, билим берүүнү башкаруунун аймактык органдары, жалпы билим берүү уюмдары, предметтик комиссиялар жана талаш-тартыш маселелерди чечүүчү комиссиялар эсептелет.

5. Министрлик кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендерин өткөрүүдө төмөнкүдөй функцияларды аткарат:

- көчүрүү экзаменин өткөрүүнүн түрүн, аны өткөрүү жана экзамендик материалдарды колдонуу жана сактоо тартиптерин аныктайт;

- кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамендерин өткөрүүнү уюштуруу жана камсыз кылуу боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарынын, жалпы билим берүү уюмдарынын ишин координациялайт жана көзөмөлдөйт.

6. Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти:

- көчүрүү экзамендеринин материалдарын иштеп чыгууну камсыздайт;
- оозеки жүзүндөгү экзамендин суроолорун түзөт;
- көчүрүү экзамендерин өткөрүү боюнча билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарына, жалпы билим берүү уюмдарына усулдук-нускамаларды берет (сайтка жайгаштырат);
- усулдук-нускамада көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн тартибин, тесттин түзүмүн, түзүмдөр боюнча жыйынтыктарын баалоо критерийлерин иштеп чыгат.

7. Кыргыз билим берүү академиясы:

- көчүрүү экзамендеринин материалдарынын предметтик стандарттын талаптарына жана окуу программаларына ылайыктылуулугун карап чыгат жана тиешелүү сунуштарын берет.

8. Билим берүүнү башкаруунун аймактык органдары:

- көчүрүү экзаменин ушул Жобонун талаптарына ылайык өткөрүүнү камсыздайт;

- көчүрүү экзаменине даярдыктын жана аны өткөрүүнүн жүрүшүнө көзөмөл жүргүзөт;

- экзамендин материалдарын сактоодо, пайдаланууда жана өткөрүп берүүдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылат жана алар жеткиликтүү болгон адамдарды дайындайт;

- көчүрүү экзаменин өткөрүүдө белгиленген тартиптин бузулушу боюнча текшерүүлөрдү жүргүзөт;

- көчүрүү экзамениник жыйынтыктарын жалпылаштырып, министрликке маалымат берет;

- өзгөчө кырдаалдар коркунучу жаралган учурда министрлик менен макулдашуунун негизинде көчүрүү экзаменин башка жалпы билим берүү уюмуна же башка күнгө которуу жөнүндө чечим кабыл алат;

- жабык түрдөгү атайын окутуу-тарбиялоо мекемелеринде, ошондой эле эркинен ажыратуу түрүндө жаза аткаруу мекемелеринде негизги жалпы билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн бул мекемелердин жетекчилигинин көмөгү астында көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн өзгөчө атайын шарттарын жана өткөрүү убагында коомдук коопсуздукту камсыз кылуу зарылдыгын эске алуу менен уюштурушат.

9. Жалпы билим берүү уюмдары:

- көчүрүү экзамени үчүн предметтик комиссиянын курамын түзөт жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салат;

- окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) кыргыз тили боюнча көчүрүү экзаменин өткөрүү мөөнөттөрү, формасы жана тартиби тууралуу өз убагында билдирет;

- белгиленген мөөнөттөргө көчүрүү экзаменин өткөрүү жайын даярдоону (санитардык-гигиеналык шарттарды, коомдук тартиптин сакталышын) камсыз кылат;

- окуучуларды экзаменден четтетүүнүн, көчүрүү экзамениник жыйынтыктарын өзгөртүүнүн же жокко чыгаруунун себептерин түшүндүрөт;

- ден соолугуна байланыштуу же башка жүйөлүү себептер менен көчүрүү экзаменине катыша албай калган окуучулардын тийиштүү документтерин карап чыгат;

- талаш-тартыш маселелерди чечүү боюнча комиссияны түзүүнү жана анын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну уюштурат.

10. Көчүрүү экзамениник предметтик комиссиясынын (мындан ары – предметтик комиссия) курамы педагогикалык кеңештин сунуштамасына ылайык аныкталат жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен бекитилет.

11. Предметтик комиссиянын төрагасы болуп жалпы билим берүү уюмунун директору, мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары, окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары же директордун көрсөтмөсү менен мектептин мугалимдеринин методикалык бирикмесинин жетекчиси дайындалат.

12. Предметтик комиссиянын төрагасы жалпы көчүрүү экзаменин өткөрүүнү жөнгө салат жана жетекчилик жүргүзөт.

13. Предметтик комиссиянын курамына жогорку педагогикалык билими бар, билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн жана билим берүү уюмдарында иш тажрыйбасы бар адистер кирет.

14. Предметтик комиссиянын курамы 3төн кем эмес жана 5тен көп эмес (окуучулардын санына жараша) адамдан турат, анын ичинде комиссиянын төрагасы, экзамен алуучу (ошол окуу дисциплинасын окутуучу мугалим) жана ассистент (ассистенттер) болот.

15. Предметтик комиссия жалпы билим берүү уюмунда кыргыз тили боюнча көчүрүү экзаменин өткөрүү учурунда:

- белгиленген тартипте окуучулардын экзамендик иштерин өткөрүүнү жана баалоону жүргүзөт;
- экзамендин жыйынтыктары боюнча протоколдорду түзөт;
- ушул Жобого ылайык окуучуларды көчүрүү экзаменинин жыйынтыктары менен тааныштырууну камсыз кылат.

16. Окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арыздарын кароо талаш-тартыш маселелерди чечүү комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт, анын курамына предметтик комиссиялардын мүчөлөрү кирбейт.

17. Талаш-тартыш маселелерди чечүү комиссиясынын курамы жалпы билим берүү уюмунун жетекчилиги тарабынан түзүлөт жана 5 кишиден ашпайт.

18. Талаш-тартыш маселелерди чечүү комиссиясы:

- көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн белгиленген тартибин бузуу маселелери боюнча, ошондой эле коюлган баалар менен макул эместиги жөнүндө окуучунун жана (же) анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арыздарын кабыл алат жана карайт;
- арызды кароонун жыйынтыгы боюнча окуучунун апелляциясын канааттандыруу же четке кагуу жөнүндө чечим кабыл алат;
- арыз берген окуучунун жана (же) анын ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арыздарын, ошондой эле кабыл алынган чечим жөнүндө алдын ала предметтик комиссиянын мүчөлөрүнө маалымдайт.

## III. Кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамениnin катышуучулары. Көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн тартиби

19. Кыргыз тили боюнча көчүрүү экзамениnin катышуучулары болуп Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 5-6-класстарынын окуучулары саналат.

20. Көчүрүү экзамендерине кыргыз тили боюнча предметтик карыздары жок, жылдык баалары бар окуучулар киргизилет.

21. Окуучунун кыргыз тили боюнча жылдык баасы "5" (эң жакшы) болсо, көчүрүү экзаменин тапшыруудан бошотулат.

22. Акыл-эс жана дене-бой өнүгүүсүндө кемчиликтери бар окуучулар үчүн атайын жалпы билим берүү уюмдарында көчүрүү экзамендери өткөрүлбөйт.

23. Предметтик комиссия усулдук-нускамага ылайык көчүрүү экзаменин өткөрүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын камсыз кылат жана буга көзөмөл жүргүзөт.

24. Окуучулар көчүрүү экзаменин өткөрүүнүн белгиленген тартибин сактоого милдеттүү жана предметтик комиссиянын мүчөлөрүнүн көрсөтмөлөрүнө баш ийишет.

25. Көчүрүү экзаменин өткөрүү учурунда окуучуларга төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- бири-бири менен сүйлөшүүгө;
- класстын ичинде эркин басып жүрүүгө;
- жанында байланыш каражаттарын, сүрөт, үн жана видео тартуучу аппараттарды, жазма-эскерткич белгилерди, маалыматты сактоо жана берүүнүн башка каражаттарын алып кирүүгө;
- экзамен материалдарын сыртка алып чыгууга;
- класстан сыртка чыккан учурда окуучулар экзамендин материалдарын предметтик комиссиянын мүчөлөрүнө тапшырышат.

26. Канааттандырарлык эмес баа алган же көчүрүү экзамендерин тапшырбаган, ден соолугуна жана жүйөлүү себептерге байланыштуу көчүрүү экзаменине катышпай калган окуучуларга жайкы мезгилге жалпы окуу программалары боюнча тапшырма берилет.

27. Окуучулар мугалимдердин тапшырмасы боюнча өз алдынча иштешет. Кайталап көчүрүү экзамендерин тапшыруунун ырааттамасы окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) жарыяланат. Кайталап көчүрүү экзаменин тапшыруу кийинки окуу жылынын башталышына чейин жүргүзүлөт.

28. Кайталап көчүрүү экзамендеринен канааттандырарлык эмес баа алган учурда окуучуларды класстан көчүрүү же ордунда калтыруу боюнча чечим жалпы билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши тарабынан кабыл алынат.

## IV. Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучулар үчүн көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн тартиби

29. Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучулар үчүн, ошондой эле ден соолугунун абалы боюнча үйүндө жана (же) билим берүү уюмдарында окугандар, анын ичинде узак дарылануугa муктаж болгондор үчүн зарыл болгон дарылоо, реабилитациялоо жана ден соолукту чыңдоо иш-чаралары өткөрүлгөн санаториялык-курорттук уюмдарда окугандар көчүрүү экзаменин тапшыруудан бошотулат.

30. Окуучуну көчүрүү экзаменин тапшыруудан бошотуу ата-энесинин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызынын негизинде гана дарылоо мекемесине караштуу врачтык-консультациялык комиссиясынын (ВКК), өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар окуучулар үчүн психологиялык-медициналык-педагогикалык консультациянын корутундуларын, же узак дарылануудa окуп

жаткандарын ырастаган медициналык документтерди берүү менен жүзөгө ашырылат.

31. Бул учурда предметтик комиссия кыргыз тили боюнча окуучулардын чейректик, жарым жылдык жана жылдык жетишкендиктерин эске алат.

## V. Көчүрүү экзамендерин өткөрүү мөөнөттөрү

32. Көчүрүү экзамендерин өткөрүү мөөнөттөрү министрлик тарабынан бирдиктүү тартипте аныкталат.

33. Көчүрүү экзамендеринин ырааттамасы педагогикалык кеңеш тарабынан ал башталганга чейин бир жума мурда каралат жана жалпы билим берүү уюмунун буйругу менен бекитилет.

34. Көчүрүү экзамениинин тапшырмалары Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаментинин сайтында ырааттамага ылайык экзамен өтө турган күнү эртең мененки саат 7.00до жайгаштырылат. Жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери тесттик тапшырмаларды окутуу тилине жана окуучулардын санына жараша көбөйтөт. Экзамен эртең мененки саат 9.00до башталат.

35. Көчүрүү экзамени боюнча уюштуруу иш-чаралары сынактын башталышына 2 саат калганга чейин жүргүзүлөт (окуучуларды каттоо, отургузуу, нускама берүү, тест топтомдорун ачуу, окуучулардын санына жараша көбөйтүү ж.б.).

36. Билим берүүнү башкаруунун аймактык органдары жана жалпы билим берүү уюмдары экзамен башталганга чейин экзамендин материалдарын мөөнөтүнөн мурда таратса, тексттерде жана тапшырмаларда камтылган маалыматтарды ачыкка чыгарса административдик жоопкерчиликке тартылат.

## VI. Көчүрүү экзамениинин иштерин текшерүүнүн тартиби жана аларды баалоо

37. Жазуу жүзүндөгү экзамендик иштерди текшерүү жана аларды баалоо экзамен кабыл алынган күндү эске албаганда эки жумушчу күндөн ашпаган убакытта жүргүзүлөт.

38. Көчүрүү экзамениинин жыйынтыгы боюнча баа 5 баллдык система боюнча коюлат. Эгерде сандын физикалык көрсөткүчү бирдиктин жарымы жана андан көп болсо, ал чоң санга көздөй тегеректелет (мисалы: 3,5  4 болуп тегеректелет).

39. Жазуу жана оозеки жүзүндөгү экзамендик иштерин текшерүү предметтик комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Предметтик комиссия иштерди текшерип бүтпөй калган учурларда, экзамендик иштер атайын бөлүнгөн жерде (сейф), мектеп директорунун мөөрү басылып, предметтик комиссиянын мүчөлөрүнүн кол тамгалары коюлуп сакталат.

40. Жазуу жүзүндөгү экзамендик иштерди текшерүүнүн тартиби министрликтин нускамалык усулдук катынын негизинде аныкталат.

41. Жазуу жүзүндөгү экзамендик иштерге “2” (канааттандырарлык эмес) деген баа коюлган учурда, ага рецензия жазылат.

42. Окуучулардын жазуу жүзүндөгү экзамендик иштерин жана оозеки жообун баалоодо предметтик комиссиянын мүчөлөрүнүн ортосунда пикир келишпестиктер пайда болгон учурда, маселе көпчүлүк добуш менен чечилет жана протоколдо көпчүлүктүн чечими менен макул болбогон предметтик комиссиянын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери жазылат.

43. Жыйынтыктоочу бааларды чыгарууда жана бекитүүдө предметтик комиссия окуучулардын жарым жылдык жана жылдык бааларын, ошондой эле көчүрүү экзаменинен алынган жыйынтыктарды карайт, бирок бул учурда экзаменден жогору баа коюлбайт.

44. Предметтик комиссиянын чечимдери протокол менен бекитилет жана анын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

45. Окуучулардын жыйынтыктоочу баалары класстык журналга, өздүк ишине, көчүрүү экзамени жалпы жыйынтыкталган ведомостко жазылат.

46. Окуучуларга экзамендик жазуу ишин текшерүүнүн жыйынтыктары менен таанышууга укук берилет.

47. Жазуу жүзүндөгү экзамендик ишке коюлган баа менен макул эмес учурда окуучу бир күндүк мөөнөт ичинде талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясына кайрылууга укуктуу.

## VII. Апелляцияларды кабыл алуу жана карап чыгуу

48. Коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляцияны окуучу түздөн-түз талаш-тартыш комиссиясына же белгиленген тартипте билим берүү уюмуна берет. Апелляцияны кабыл алган билим берүү уюмунун жетекчиси токтоосуз түрдө аны талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясына жөнөтөт.

49. Апелляцияны кароо учурунда талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясынын отурумуна каалоосу боюнча окуучулар жана (же) алардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү), предметтик комиссия мүчөлөрү катыша алат. Апелляцияны кароо адеп-ахлак ченемдерин сактоо менен, тынч жана жагымдуу жагдайда өткөрүлөт.

50. Талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясы тарабынан көчүрүү экзаменин өткөрүү учурунда белгиленген тартиптин бузулушу тууралуу окуучунун апелляциясы канааттандырылган учурда, предметтик комиссия окуучунун алган жыйынтыгын жокко чыгаруу, ошондой эле кошумча мөөнөттөрдө көчүрүү экзаменин тапшырууга укук берүү тууралуу чечим кабыл алат.

51. Окуучу коюлган баа менен макул эместиги тууралуу апелляциясы талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясы тарабынан канааттандырылган учурда, предметтик комиссия окуучунун көчүрүү экзаменинде алган

жыйынтыгын талаш-тартыш маселелери боюнча комиссиясынын протоколдоруна ылайык өзгөртүү тууралуу чечим кабыл алат.

52. Талаш-тартыш комиссиясынын чечимдери протокол менен бекитилет.

53. Талаш-тартыш комиссия экзамендин материалдарынын мазмуну жана түзүмү тууралуу апелляцияларды карабайт.

## VIII. Көчүрүү экзамендерин каржылоо

54. Көчүрүү экзамендеринин материалдарын даярдоо жана өткөрүүнү каржылоо министрликтин борборлоштурулган иш-чараларын өткөрүү чыгымдарынын сметасында каралган республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, ошондой эле каржылоонун башка булактарынан ишке ашырылат.